КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

КЫДЫР АКЕ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КЫДЫР АКЕ

**Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**1-чакырылышынын уюштуруу сессиясы**

# ТОКТОМ

**20.02.2024-ж. №1** **Теплоключенка айылы**

**Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**төрагасын шайлоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан ары чаралар жөнүндө”, 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө”, 2024-жылдын 7-февралындагы ПЖ №24 “Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу Жобону бекитүү тууралуу” Жарлыктарын жетекчиликке алуу менен Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоодо ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө №1 протоколунун негизинде айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы болуп Алмабеков Айбек Исабекович шайлансын.
2. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

**Уюштуруу сессиясынын**
**төрайымы** **К.У.Байтолоева**

**Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоодо ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө**

**№ 1 ПРОТОКОЛ**

**2024-жылдын 20-февралы** **Теплоключенка айылы**

**Төрагалык кылуучу:** **Байтолоева К.Н.**
**Сессиянын катчысы:** **Амантурова Ж.А.**

**Катышкандар:**

**Теплоключенка, Кереге Таш жана Энилчек бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жалпы депутаттарынын саны - 52, анын ичинен катышкандары – 40 депутат.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформаныгн алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобого ылайык, төрагалык кылуучу Байтолоева Күлүмкан Урсопоевна бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча ачык добуш берүүнүн тартиби менен тааныштырды.

Бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна 3 талапкер – Ак-Суу районундагы Теплоключенка, Кереге Таш жана Энилчек айыл аймагын түзгөн айылдык кеңештердин төрагалары ат салышкан.

1. Алмабеков Айбек Исабекович – Теплоключенка айылдык кеңештин төрагасы;
2. Талантбеков Кайрат Талантбекович – Кереге Таш айылдык кеңештин төрагасы;
3. Исмаилова Айнура Усуповна – Энилчек айылдык кеңештин төрайымы.

Депутаттардын арасынан эсептөө комиссиясы түзүлдү. Алардын курамына Теплоключенка айылдык кеңешинен депутат А.Рысмендеева, Кереге-Таш айылдык кеңешинен депутат А.Джумабаев, Энилчек айылдык кеңешинен Ж.Турусбеков киргизилди.
Ачык добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:
1. Бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын жалпы саны -52 (элүү эки) түзөт.
2. Ачык добуш берүүгө катышкан депутаттардын саны – 40 (кырк)
3. Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны (алфавиттик тартипте):

1. Алмабеков Айбек Исабекович - 21 (жыйырма бир ) добуш.
2. Талантбеков Кайрат Талантбекович- 19 (он тогуз) добуш.
3. Исмаилова Айнура Усуповна - 0 (______) добуш.

Ак-Суу районундагы Теплоключенка, Кереге Таш жана Энилчек бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары аныкталды, ага ылайык депутаттардын көпчүлүк добушун алган талапкер Алмабеков Айбек Исабекович бириккен Кыдыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин шайланган төрагасы деп таанылды.

Төрагалык кылуучу Байтолоева К.Н.

Сессиянын катчысы Амантурова Ж.А.